УДК 304.2(575.2)(04)
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-149-154

**Асилбекова Венера Мамановна**
КР УИАнын Философия жана саясий-укуктук изилдөө институтунун “Маданият жана Искусство таануу” бөлүмүнүн илимий кызматкери
**Асилбекова Венера Мамановна**
научный сотрудник отдела «Культурология и искусствоведение»
Института философии, права и социально-политических исследований им. А. А. Алтмышбаева НАН КР
**Asilbekova Venera Mamanovna**
scientific employee at the Department of Cultural Studies and Art History
Institute of philosophy, law and socio-political researches named after A. A. Altymyshbaev in NAS KR
**e - mail:** venera_1981@list.ru

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН МАДАНИЯТЫНДАГЫ КӨРКӨМ ӨНӨРҮНДӨ ТҮСТӨРДҮН ОРДУ
# РОЛЬ ЦВЕТОВОГО КОЛОТИТА В КУЛЬТУРЕ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА
# THE ROLE OF COLOR IN THE CULTURE OF THE KYRGYZ PEOPLE

**Аннотация:** Бул макалада кыргыз элинде түс – кандайча маани-мазмунду ээлегендиги жөнүндө сөз козголот. Кыргыз эли илгертен эле түскө эстетикалык жана символикалык көз караш менен карап, жашоо тиричилигине ар кандай жагдайларга ар түрдүүчө пайдаланып келишкен. Кыргыз табийгаты кандай колорити түзүп, кандай түстөр менен коштолуп келгендиги жана алардын маани мазмуну боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү бүгүнкү күндө актуалдуу. Мындан сырткары кыргыз элинин эстетикалык табити — табийгаты жана жашоо образына байланыштуу экендиги баяндалып жазылды.

**Негизги сөздөр:** элдик кол өнөрчүлүк, маданият, түс, колорит, искусство, этно-стиль.

**Аннотация:** В данной статье расматривается отношения цвета и колористики в культуре кыргызкого народа. Восприятие цвета в большей степени визуально, оно зависит от настроения, от ассоцациий, вызываемых тем или иным цветов, от ощуении. Основными функциями, цвета – являются коммуникативные (устоновливаюшие те или иные связи между элементами), символические (указываюшие на предмет, явление, на сущность) и выразительные (передаюшие и вызывающие эмоции). которые выполняют в культуре.

**Ключевые слова:** народное прикладное искусство, культура, цвет, колорит, искусство, этно-стиль.

**Annotation:** This article discusses the relationship of and color in the culture of the Kyrgyz people. The perception of color is mostly visual, it depends on the mood, on the associations caused by one or another color, on feeling. The rhythmic and play of color shades in the Kyrgyz arts and crafts created a musical association that was sung in Kyrgyz folk music. The main functions, colors - are communicative (establishing certain connections between elements), symbolic (indicating an

object, phenomenon, essence) and expressive (transmitting and evoking emotions). which perform in culture.

**Key words:** Culture, art, the phenomenon of ethno-style, color.

Бул макалада кыргыз элинин калыптанган маданиятындагы түстөрдүн орду кандайча маани-мазмунду ээлегендиги жөнүндө сөз козголот. Көптөгөн илимий эмгектерде кыргыз элинин сайма менен оюмдардын символикалык жана композициялык маанисин чечмеленип келүүдө. Ал эми ошол эле кыргыз элдик кол өнөрчүлүгүндө сайма менен оюмдар кандайча жана кандай түстөр менен коштолуп келгендиги тууралуу алардын маани мазмуну боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү бүгүнкү күндө актуалдуу.

Түс – адамзатка кооздукту сездирүүчү өзгөчө көрүнүштөрдүн бири. Ал илгертен бери бар нерсе жана болуп келген. Адамзат жаралгандан кийин эле, анын эстетикалык табити пайда болгон. Адамдар ар дайым түстү көрүү жана туюм сезимдеринин маанилүү каражаты катары карап, маданияттын өнүгүүсү менен тыгыз байланышкан. Илгертеден бери адамдар түстөргө спецификалык сапатын ыйгарышкан. Анын сапаты элдин маданиятына жана жашоо образына тиешелүү. Адамдын түстү кабыл алуусу жана ага болгон мамилеси анын жашаган жерине, жалпы элдин маданиятына жана баалулуктарына көз каранды. Бул нерсе укумдан тукумга терең сиңирген.

Ар бир адамдын түскө жекече көз карашы анын жашаган аймагы жашоо образы аркылуу кабылданган сыяктуу эле, жалпы улуттун да түскө болгон мамилеси анын эстетикалык, семантикалык жана климаттык шарттарына ылайыктуу ар башка экендиги бизге белгилүү. Бүгүнкү күндө түстөрдүн символикалык маанисин изилдөө иштери семиотикалык проблемаларды ачып караганга шарт түзөт. Илимде түстөрдүн семантикасын карап чыгуу маселелери анын эстетикалык табиятынын ачып, көркөм сүрөт искусствосуна жана дизайн иштерине орду менен колдонгонго жардам берет. Айрыкча дизайн тили түскө колористикалык жактан гана карабастан, символдордун жана белгилердин коштоосунда аткарылуучу өзгөчөлүгү менен айырмалангандыктан, түстүн маани мазмунун да ачып берет.

Түс жөнүндө көптөгөн илимдер өз багытында изилденүүдө. Физика түстүн энергетикалык жаратылышын изилдесе, физиология – адам көзү менен кабыл алуусун изилдесе, психология – түс адамдын аң сезимине кандайча таасирин тийгизерин жана түс түрдүү эмоцияны жарататаарын изилдеп чыгышкан. Биология – түстүн жаныбарлар жана өсүмдүктөрдүн жашоосундагы ролун изилдейт. Бирок түс тууралуу так илимдер менен эстетика жана көркөм искусствонун изилдөөлөрүндө чоң айырмачылык бар. Сүрөт искусствосу түстүн эстетикалык табитин көркөм образ аркылуу чагылдырып келет. Тарыхта таш доордон баштап, азыркы күнгө чейин түстүн жашоодогу ар кыл функциялары түрдүү формаларда көрсөтүлүп келген. Андан сырткары эстетикалык табит аркылуу, жашаган жери – табийгаты жана жашоо образына байланыштуу ар бир элдин өзүнө гана таандык колорити калыптанган. Ошондуктан кыргыз элинин да түскө эстетикалык жана символикалык көз караш менен карап, жашоо тиричилигине ар кандай жагдайларга ар түрдүүчө пайдаланып келишкен.

Бир оймону же сайманы элестетели, ал тузсуз же өңсүз жалгыз, чийимди гана түшүндүрөт. Демек түс менен биргелешип, шайкештирип иштелгенде гана эмоционалдык жагдайга алып келип, продуктун сапаты жогоруланат. Бирок албетте чийим өзүнчө да, түс өзүнчө да баалуулукту, маани мазмунду чечмелеп берет.

Маданият негизинен адам баласынын жашоосундагы ой-кыялын, таалим-тарбиясын, тиричилигин, эмгегинин, сулуулугун жана жаратылыш менен болгон мамилесин аныктаган түшүнүк эмеспи. Кайсы бир доордун же элдин жана жеке адамдардын акыл-эси рухий өсүш деңгели маданият аркылуу таралгандыгы маалымдалат. Маданият рухий жана материалдык маданият болуп экиге бүлүнөт Рухий маданиятка болсо адамдын аң-сезиминин зээндүүсү, адеп-ахлагы, дүйнө таанымы, агартуучулугу, тарбия-таалими, укугу, философиясы, жүрүм-туруму, эстетикасы, илими, өнөрү, адабияты, аңызы, диний ишеними ж.б. кирет. Ал эми материалдык маданиятка адам баласынын кол менен жасаган бүткүл турмушу, эмгек-куралы, кийимдери, үй-жайы мындайча айтканда архитектура дизайн жасалгалары байланыш техника жол байланышы ж.б камтылат. Маданият алтын казынасын эл түзөт жана кылымдан-кылымга көкүрөгүндө сактап келет. Байыркы тарыхы мол кыргыз эли башынан бай маданият күткөн. Кыргыз маданияты негизинен Орто Азия жаны Батыш Сибирдеги көчмөн элдердин орток жаралган маданий мурасынан камтылган. Кыргыздын рухий дүйнөсү башкаларга деле ачык болгон, андыктан алар бөлөк элдин маданият үлгүсүн да тез кабыл алган Байыркы маданиятын өсүшүнө ар түрдүү көчмөн жана кошуна элдердин таасири тийген [2, 32-б.].

Кыргыз эли улуу жибек жолунун борборунда жайгашкандыктан бөтөн элдер менен соода-сатык жана карым-катнаш мамилелерде болгон. Бул мамилелер маданиятын да жуурулушуп бири-бирине кээ бир жөрөлгөлөрдүн пайда болуу жана жоголуу процесстерине байланышкан. Мындан сырткары диний ишенимдер же ырым жырымдар түстөрдү кабыл алуу жана маани берүү мамилелерин өзгөртүп келген. Маселен кыргыз эли ислам динин кабыл алаарга чейин теңирчилик мезгилинде ар бир нерсени болмушту ар түрдүү ырым жырымдардын коштоосунда аткарылган. Ал эми бүгүнкү күнгө чейин Кыргызстандын түштүк тарабында ырым жырымдарды камтыган “ак кийди”, “көк кийди” деген аза күтүү салты бар. Бул жөрөлгө азыркы убака чейин түскө семантикалык маани берип келгендигинде жатат. Демек эл ошо түскө таасирленип, ички туюм-сезимдерин жана көңүл ыргактарын түскө да байланыштырып келгендигинде жатат.

Кыргыз эли илгертеден эле кол өнөрчүлүгү аркылуу жашоо образына ылайыктап, эстетикалык табитти өстүрүп, өнүктүрүп келген. Ууз чеберлеринин колунан жаралган кийим кече, жашоого керектелген буюмдардын узун тарыхы бар. Улуттук көл өнөрчүлүк, улуттук кийим элдик маданиятын негизги көрүнүштөрүнүн бири. Ал турмуш шартынын чарбачылыгын зарылдыгынан улам жаралып, туруктуу келип, көп кылымдар бою жашап келүүдө. Мына ушул туруктуулукка гана таандык болгон өзгөчөлүк аркылуу кыргыз элинин байыркы же кийинки мезгилдеги түстөргө болгон эстетикалык көз карашын жана алардын маани маңызын айтууга болот. Түстүн эмоционалдык жана эстетикалык функциялары кыргыз элинин мүнөзүнө таасир берип келгендиги айтылат. Башкача айтканда кыргыз элинин түрдүү түскө болгон мамилесин, эстетикалык табитин, табийгатка жакындыгы өрчүткөн.

Көчмөн кыргыз эли илгертен эле табийгат менен тыгыз байланышта болуп, кереметтүү жаратылыштын кооздугун сезип, бир гармонияда жашап келген. Кыргыз эли байыртадан эле кандайдыр бир затка, же адамга сын-пикир айтууда түстүн сыпаатына жана сапатына баалап кетишкен. Таза каныккан түстөр, көзгө жагымдуу ачык түстөр, жумшак түстөр шайкеш түстөр деп жактырган түстөрдү айтабыз. Ал эми көзгө жагымсыз түстөрдү ыраңы боз, куп -куу, киргилт кара деп айтып келишкен. Бул адамдын түскө болгон мамилеси, жеке көз карашы, табитине жараша да болот эмеспи. Демек, түстөрдүн маанисин кыргыз эли адамдын жашоосуна түздөн-түз таасири тийип, түскө жараша адамдарга мүнөздөмө да берилип келген. Андан башка жан жаныбарлардын, буюм-теримдердин, жаратылыштын маанисин,

даражаларын, мүнөздөрүн пейлин да чагылдырышкан. Ахроматикалык түстөрдү түзгөн “Ак” жана “Кара” түс жашоонун ысык суугун билдирүүчү катары гана колдонбостон, адамдар мүнөзүнө да оң таасирдүүнү ак ниет, ак жолтой, ак таңдай, ак шоола деп аташкан. Кара деген түс көбүнчө терс маанини түшүндүрөт. Сүрөттөрдү чагылдырууда да кайгы-капаны жана терс көрүнүштөрдү күкүрт-кара өңдөр менен көрсөтүшкөн. [5, 17-б.]

Кыргыз колорити түркүн түстөргө бай. Буга себеп жыл айланпасынын өз убагында айлануусу ага өбөлгө түзөт. Кыргыз эли төрт мезгилди өз орду менен өткөрөөрү анык. Кыргыз колоритинде палитранын кенендиги мээлүүн алкак менен аныкталат. Андагы жылуу түстөрдүн көп колдонулгандыгы – жаз, жай жана күз менен байланышат. Жаратылыштын жаңыланышы, жашоонун жаңы нук менен башталышына кыргыз эли жаз айларына өзгөчө көңүл бөлүшкөн. Бул тууралуу элдик оозеки чыгармачылыкта да ырлар ырдалып, майрам-шаң менен коштолгон.

Жазга байланыштуу жылуу түстөр — ак, ак саргыл, сары, кызгылт сары, охра, ачык жашыл ж.б. Жай айында жайлоодо мал жайылып, кымыз жыттанып турган мезгилди элес алсак, көк асман, ак мөңгүлөр, жашыл талаа жана ал бетте кыпкызыл болгон ажайып кызгалдактар. Түс тануу илиминде кызыл менен жашыл кески түрдөгү карама каршылыкты көрсөткөн түстөргө кирет. Бирок кыргыз эли ошол карама каршылыкты жаратылыштан алып, кийиз, шырдактарга кызгалдактуу талаанын ассосациясын сездирип, түстөрдү айкалыштыра билишкен. Жайга байланыштуу түстөр; ак, кызгылт, кызыл, жашыл, көк ж.б.

Күзүндө эгин жыюу мезгили келип, элдин дасторкону данга толуп, мал жандыктар көбөйүп, аба ырайы салкындап калганда контрастуу тондор менен коштолгон. Күзгө байланыштуу түстөр; сары, охра, кызгылт-сары, кочкул кызыл, күрөң-кызыл, күрөн, ж.б..

Кыш мезгилинде кыргыз эли көбүнчө аңчылык менен алектенишкен Көчмөн калктын жашоосуна кыйынчылыктарды туудургандыгы үчүн кышты сүйө берген эмес. Ошондуктан башка суук алкактын жашоочуларындай болуп кышка байланыштуу өңдөрдү, көчмөн элдеринде сейрек кездештиребиз Мисалы алсак түстүү спектардын айланасында жайгашкан көктөн кызылга чейинки түспөлдөштөр кочкул көк, ачык көгүлтүр, сыя, сирень м.у.с. Көчмөн кыргыз эли эгин-тегинин жыйнап, териден жана жүндөн үй тирилигине керектелүүчү нерсени жана жылуу кийим кечени даярдашып, кышкыга алгылыктуу камданышкан. Кыштын элесин берүүчү өңдөр; ак, көгүлтүр, көк, күрөң, кара ж.б.у.с.

Элдик оозеки чыгармачылыктан кыргыздын улуттук жашоо образын билүүгө болот. Кыргыз элинин кышкы турмуш тиричилигин сүрөттөгөн «Кожожаш» эпосун бир аз баяндап кетели. “Кожожаш”— кыргыздын эң байыркы эл дастандарынын бири. Дастан өзүнүн калыптанып, пайда болгон мезгили жагынан архаикалык мүнөзгө ээ. Дастанда кыргыздардын байыркы доордогу тотемистик, анимистик ишенимдери кенен чагылдырылган. Эпосто байыркы кыргыздардын жашоо образы, диний-философиялык ишенимдери даана көрсөтүлгөн. Байыркы кыргыз коомунда, табийгаттын татаал шарттарында аңчылык да кыргыздардын чарбалык кесипчилигинин бир түрү болгондугун байкоого болот. Мында адам баласы менен табийгаттын катаал кубулуштарынын ортосундагы өз ара алакалар, байланыштар чагылдырылган. Кыргыздын кытай уруусунан чыккан көзгө атар мерген Кожожаштын Зулайка сулууга үйлөнүшү, касиеттүү кайберен Сур эчки менен эрегишип, Сур эчкинин каргышынан улам аскада жалгыз калып мерт болушу, Кожожаштын уулу Молдожаш баралына жеткенде атасынын кунун кууп, Сур эчкиден өч алышы эпостун сюжетинин негизин түзөт. Дастанда өзгөчө адам баласы менен жаратылыш ортосундагы аң сезимдүү байланыш, адам баласынын ага болгон адеп-ахлактык мамилеси курч коюлган [2, 1-б.].

Александр Натанович Бернштам — ысымы кеңири белгилүү чыгыш таануучу, түркологу, археолог, тарыхчы. кыргыз элинин жана Кыргызстандын тарыхы, маданияты, искусствосу, түрк жана кыргыз этногенези боюнча макалалары кирди, алар: «Байыркы Кыргызстандын маданияты», «Кыргыз элинин тарыхый өткөндөгүсү», «Кыргыз элинин искусствосу жөнүндө», «Кыргыз адабиятынын башаты», «Байыркы Орто Азиянын көчмөн элдеринин тарыхы боюнча талаш-тартыш маселелер», «Орто Азиянын этногенезиндеги эң байыркы түрк элементтери», «Кыргыз элинин баяндуу оймо-чиймелери » ж.б. Залкар чыгыш таануучу А. Н. Бернштамдын чыгармалары изилдөөчүлөр үчүн көптөгөн тарыхый, этнографиялык даректүү фактыларды, маалыматтарды жана өтө бай археологиялык материалдарды камтыган баа жеткис булак болуп кызмат кылары анык.

“Түстөрдүн символикалык мааниси” жөнүндө илимпоз, замандашыбыз Кошеренкова Ольга Владимировна төмөндөгүчө изилдеген.

“В процессе исторического развития системы искусственной визуальной информации, цветовое восприятие кординально изменилось. Цвет стал использоватся вначале в качестве простого комуникативного средства, затем как символа, и наконец в качестве системы языкового характера. Основными функциями, которые цвета выполняют в культуре, являются коммуникативные (устоновливаюшие те или иные связи между элементами), символические (указываюшие на предмет, явление, на сущность) и выразительные (передаюшие и вызывающие эмоции). Постоянное совершенствование нашего “цветопонимания” помогает во всей широте увидеть чудесный мир, каждый раз открывая в нем для себя новое и прекрасное” [4, 1-б.].

Түс бул – энергия.  Адамдын аң сезимине таасир этип өзүнө тартуу менен жагымдуу, таасирдүү, сүйкүмдүү көрүнүп көңүл бурдурат. Кээде жагымсыз, орой, табитсиз, күңүрт болуп адам көңүлүн өзүнөн түртөт.

Түс бул – күч. Жайлуулук менен мамыраган жыргалчылыкты туюндурат. Кээде кыжырлантып, дүүлүктүрүп, тынчсыздандырат. Түс чындыгында адам сезимине жана ички туюмуна жакыныраак. Демек түс адамга психология жактан таасири көбүрөөк. Бул тармактагы изилдөөлөргө таянсак 80% түс жана жарык адамдын нерв системаларында жутулуп, 20% процентин гана көзүбүз  көрүү менен өздөштүрөбүз.

Түсү – логика, психология, философия жана эстетика, ал сезимдин сырларын түшүнүүгө чакырган ар кандай сырткы көрүнүштөрдүн таасирдүү касиети. Ошентип, түс адам жашоосунун,  болмуштун сырларын өзүнө камтып, адамзаттын эстетикалык өксүгүн азыктандыруучу энергия , байыркы жана азыркы дүйнөдө жашап, адамдардын жашоого жана өзүнө болгон мамилесин түзөт. Кыргыз эли ошол энергияны кандай шарттарга кандайча пайдаланып келгендиги, дегеле түстүн жаратылышын, сапаттарын, семантикасын изилдөөлөрдү жүргүзүү бүгүнкү күндө актуалдуу.

**Колдонулган адабияттар:**

1. «Кыргыз элинин маданияты” Бишкек
2. «Кожожаш» https://ky.wikipedia.org/wiki
3. Антипина К.И. Кыргыз элдик искусствосу (фото альбом)
4. Кошеренкова О.В. «Символика цвета цвета в культуре» https://www.google.com/url?sa=t&rct=j&q=&esrc=s&sour
5. Бернштам А.Н. «Кыргыз элинин баяндуу оймо-чиймелери »
6. Жакшалаев. Н. «Түстөр» [325, 1бет] Бишкек 2010

7. М. Төлөмүшев «Кыргыз оймолору». 1986 [208бет]
8. Үмөталиева-Баялиева Ч., Кыргыздардын этногенези: Музыка таануу аспектиси: Тарыхый-культурологиялык изилдөө. – Б.: “Турар”, 2016. – 156-б.

**Рецензент: маданият таануу и.д., профессор Ч. Уметалиева- Баялиева**

УДК: 71:7.01(575.2)(04)
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-154-159

**Уметалиева Чынар Топчубековна**
КР УИАнын А. А. Алтымышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун, “Руханий маданият” бөлүмүнүн бөлүм башчысы, профессор
**Уметалиева Чынар Топчубековна**
заведующий отделом «Культурология и искусствоведение»
Института философии, права и социально-политических исследований им. А. А. Алтмышбаева НАН КР, профессор
**Umetalieva Chynar Topchubekovna**
head of Department of Cultural Studies and Art History
Institute of philosophy, law and socio-political researches named after A. A. Altymyshbaev in NAS KR, professor
**e - mail:** consa77@mail.ru

## "МАДАНИЯТ" ЖАНА "КООМ": ӨНҮГҮҮНҮН СОЦИАЛДЫК-МАДАНИЙ КОНТЕКСТИ (ЛЕСЛИ УАЙТТЫН ТЕОРЕТИКАЛЫК ТЕЗИСТЕРИ)
## «КУЛЬТУРА» И «ОБЩЕСТВО»: СОЦИОКУЛЬТУРНЫЙ КОНТЕКСТ РАЗВИТИЯ (ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ТЕЗИСЫ ПО ЛЕСЛИ УАЙТУ)
## “CULTURE” AND “SOCIETY”: THE SOCIOCULTURAL CONTEXT OF DEVELOPMENT (THEORETICAL THESES BY LESLIE WHITE)

**Аннотация:** Макалада “маданият”, “маданият көрүнүштөр”, “коом”, “коом организми” түшүнүктөргө көңүл бурулат. Жалпы маданият концепцияны негиздеген, адам жана коомго эволюциялык көз карашын жактаган америкалык культуролог жана антрополог Лесли Уайтка басым жасалат.“Маданият” жана “коом турмуштун” бирдейлигин белгилеген батыш-европалык илимпоздордун орду аныкталат. Маданият таануу жана коом таануу илимдердин дифференциациясын тапкан Л.Уайттын мааниси далилденет.

**Негизги сөздөр:** маданият, социум, маданият көрүнүштөрдүн классы, коом турмуш, маданият таануу, коом таануу, символ теориясы.

**Аннотация:** В статье обращено внимание на понятия «культура», «культурные явления», «общество», «социальный организм». Акцентируется роль американского культуролога и антрополога Лесли Уайта, который обосновал общую концепцию культуры и отстаивал эволюционные взгляды на происхождение человека и общества. Отмечается отождествление «культуры» и «общественной жизни» западноевропейскими учеными. Аргументируется значение Л.Уайта, который стремился дифференцировать культурологическое знание и социологическое знание.